Кыргыз Республикасы
Чүй облусу, Ысык-Ата р-ну
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекемеси

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 460
«3» 09 2020 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 2020-жылдын 1-сентябрында саат 9:00до 1-класстар үчүн салттуу түрдө Билим күнү башталды.Окуучулардын топтолуш мүмкүнчүлүкторүн азайтуу, мугалимдер жамааты окуучулардан башка адамдарды киргизбөөнү чектөө үчүн мугалимдердин нөөмөтү коюлду.Окуучулар аралыкты сактап тизилип,температуралары ченелип,тартипти сактап класстарына кириишти.”Сүйүктүү –Кыргызстаным”-деген темада тарбиялык саат өтүлдү.Ал эми жогорку класстарда “Бактылуу үй бүлө-бактылуу коом”-деген темада дистанттык негизде тарбиялык сааттар өтүлдү.Сабактын максаты Мекенди сүйүү,коргоо,көздүн карегиндей сактоо.Ар бир мугалим сабакка жоопкерчилик менен даярданып өтүштү.11-класстын окуучулары онлайн түрүндо видео аркылуу куттукташты.Бардык окуучулар мугалим менен байланышты.Тартип бузуулар болгон жок.

Мектеп жетекчиси:____________________Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы:______________Монконова Г.К/

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н
Учреждение «Средняя общеобразовательная школа имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 466
«8» 10 2020 г.

Ысык-Ата райондук ББНнүн

башчысы Б.Т.Иманалиевге

Иса Байбеков атындагы жалпы

билим берүү орто мектебинин

администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 5-октябрь –Мугалимдердин күнүно карата тарбиялык иш-чара өткөрүлдү.Республикалык конкурска карата "Мугалимге милдеттүүбүз"деген видео-роликти 11-классынын окуучулары жана Анвар кызы Сезим катышты.Мектепке ,мугалимдерге болгон суйүүсү,алардан алган таалими ,көркөм ырлар айтылып,ыраазычылык билдиришти.Мугалим- кандай гана ардактуу кесип.Анын педагогикалык акыл топтому,алысты көрө билгендиги,изденгичтиги жана жаш баладай жумшак баео көнүлүн бүткүл чыгармачылык кудуретин,келечек ээлерине терең билим,мыкты тарбия берүүгө жумшагандыгы менен кадырлоого ээ болгон инсан экендиги жөнүндө окуучуларга кенири маалымат бере алышты.

Мектеп жетекчиси: ______________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ______________ Асанова Р.Д.

Кыргыз Республикасы
Чүй облусу, Ысык-Ата району
Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби мекемеси
Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 465
8 . 10 . 2020 г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 1-октябрь-Карылар күнүно карата “Кадырман карыларым”деген аталышта кайрымдуулук акциясын онлайн түрүндө жүргүзүлдү.Алар “Карылар үйү”коом үчүн маанилүү,улгайган адамдарды сыйлоо,аларга жардам корсотүү жонундо кеңири маалымат беришип,ар кандай видео сабактарын отүштү.Ата -жөлөп турган тирек,эне-акыл-насаат булагы демекчи ,бизди бул дуйнөгө алып келген,тарбиясын берген ата-энелер.Мектептин жогорку класстарынан түзүлгөн “Тимур”командасынын жетекчиси Орозбеков А.менен биргеликте кары адамдардын чарба иштерине жардам беришти.

Мектеп жетекчиси: __________ Исаева а.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: __________ Асанова Р.Д.

Чүй облусу, Ысык-Ата ...
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекеме...

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»

ИНН 03012200910084

№ 461

«16» 10 2020 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн

башчысы Б.Т.Иманалиевге

Иса Байбеков атындагы жалпы

билим берүү орто мектебинин

администрациясынан

## Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде Мамлекеттик тилдин мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 31 жылдыгына карата 14-сентябрь күнү Мамлекеттик тилдин декадасын "Кыргыз тилин ардактайлы,даңктайлы!"деген аталышта салтанаттуу линейка онлайн түрүндө ачылды. Ачылыш аземин мектептин кыргыз тили мугалими Тайтаева М.уюштурду .23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө карата онлайн тибинде мугалимдер жогорку денгээлде иш-чара өткөрүшүп, видео-слайддарды жасашты. "Кыргыз тилин ардактайлы, даңктайлы!"аталышындагы көркөм окуу сынагы болуп өттү. Эн жакшылар сынакка жөнөтүлдү.

Мектеп жетекчиси: __________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: __________ Асанова Р.Д.

Кыргыз Республикасы,
Чүй облусу, Ысык-Ата району
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекемеси

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н,
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 475
«12» 11 2020 ж.г.

Ысык-Ата райондук ББНнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Кыргызстанда 7-8-ноябрь Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү катары белгиленгенине карата мектепте" Өткөндөр даңкталмайын,тирүүлөр бaркталбайт"деген темада иш-чара болуп өттү.Көп улуттуу кыргыз элинин жашоо турмушундагы маанилуу тарыхый окуяларына ,ата-бабалардын жана тарыхый инсандардын элесине таазим этүүгө арналган иш-чара менен окуучулар маалымат алышты.Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүндөгү мааниси зор болгон үч тарыхый окуяга басым жасалгандыгы айтылды.Ар бир класс жетекчи окуучуларына тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндору деп кабыл алынгандыгы боюнча тереӊ түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.Класс жетекчилер онлайн тарбиялык сааттарды отүштү.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________ Асанова Р.Д.

Кыргыз Республикасы
Чүй облусу, Ысык-Ата району
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекемеси

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 478
«27» 11 2020 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде1-декабрь-СПИД күнүно карата каршы күрөшүүгө "Эл аралык биримдик,жалпы жоопкерчилик"урааны менен түзүлгөн бир айлык иш чара өткөрүлдү.Бул иш-чарага 9-11-класстын окуучулары катышып,СПИДге каршы "СПИД-коомдун коркунучтуу дарты"деген темада дилбаян жазышты. "СПИД менен ВИЧ кандай жолдор менен жугат?"аттуу дубал бурчун чыгарышты.Бардык класс жетекчилер СПИД жана ВИЧ жонүндө маалымат беришип, класстык сааттарды өтүштү."СПИДдин жугуу жолдору жана алдын-алуу"жөнүндө видео-ролик көрсөтүштү.Алдын-алуу иштери жүргүзүлдү.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________ Асанова Р.Д.

«Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси
Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя общеобразовательная школа имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 480
«4» 12 2020 г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 3-декабрь-Эл аралык майыптар күнүно карата мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга “Биз биргебиз!”аттуу ураан менен жардам корсотүү боюнча бир айлык акция откордүк.Бул иш-чарага 12-ноябрга чейин айыл ичинде жашаган мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын тизмеси такталды.Ящик жасалып,мугалимдер,окуучулар колунан келген жардамдарын бериштi.Акчалай,кийим-кечек ж.б.Орозбеков А.”Тимур жана анын командасы”менен бирге айылдагы майып адамдарга комок корсотүштү.”Боорукерликке кам корүү”деген темада класстык сааттар откорүлдү.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________ Асанова Р.Д.

Кыргыз Республикасы Чүй облусу, Ысык-Ата р-ну «Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси
Кыргызская Республика Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н Учреждение «Средняя общеобразовательная школа имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 481
«8» 12 2020 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 2015-жылдын 27-апрелинин №259буйруктун негизинде “Манас”эпосунун күнүн белгилөө боюнча мектепте иш-чаралар болуп өттү.4-декабрда мектеп ичинде линейка болуп, кыргыз тили мугалимдери ”Манас”эпосу боюнча дилбаян,реферат жаздырып,мыкты иштерди белгилешти.”Манас-кыргыз элинин улуу мурасы”деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.Мында “Манас”эпосунун үчилтигин сактоо,өнүктүрүү, манас айтууга үйрөтүү жана кыргыз элинин улуттук каада-салтын арттырууга тарбиялоо.Мектеп ичинде мыкты “Манас”эпосунан үзүндү айтуу боюнча сынак жүргүзүлдү.”Манас-улуу мурас”аттуу китеп көргөзмөсүн китепканачы Чондукова А.уюштурду.Окуучулар Манас эпосунун үчилтиги менен таанышып чыгышты.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________Асанова Р.Д.

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя общеобразовательная школа имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 479
«15» 02 2021 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

2021-жылдын 27-январда №6 буйруктун негизинде 15-февралда Афганистан Демократиялык Республикасынан Советтик аскерлердин чыгарылышынын 32 жылдыгына карата мектеп ичинде иш-чара болуп өттү.Айылда жашаган Афган жоокерлеринин тизмеси такталды.Мектепте"Афган жоокерлерине-түбөлүк таазим"темасында көргөзмөлөрдү уюштуруп,10-класстын окуучулары эң жакшы дубал гезиттерди чыгарышты.Афган жоокери Асанов Туратбек Жумадилов мектепке келип,окуучулар менен жолугушту.11-классынын класс жетекчиси Байбекова Ж.Д."От болуп жанган Ооган апааты"деген темада эң жакшы тарбиялык саат өттү.Окуучулар ардагерге суроолорду беришип,ошол оор күндөрү эсине салуу оор болду.Анын созунон балдардын жүрөгүндө өзгөчө сезим пайда болду.Курман болгон баатыр жоокерлер айтылып,1минуталык эскерүү менен коштолду.Ооган согушунун ардагерлерине окуучулар майрамдык маанай тартуулашып,афган согушу тууралуу видео-слайд маалыматтарды даярдап чыгардык.

Мектеп жетекчиси: ______________Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ______________Асанова Р.Д.

ИНН 03012200910084

№ 499

«25» 02 2021 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

22-февраль күнү мектепте 23-февраль –Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата мектеп ичинде иш-чаралар болуп өттү.Жогорку класстын окуучулары дубал гезит чыгарышты.Ар бир класс жетекчилер класстык тарбиялык сааттарды өтүштү.Башталгыч класстар көркөм ырларды айтышып,сүрөттөрдү тартышты.Жогорку класстар арасында “Мекенди коргоо-ыйык милдет”деген аталышта спорттук мелдеш өткөрүштү.Дене тарбия мугалими Орозбеков Адил окуучуларды тизип,алгач көнүгүүлөрдү көрсөтүп,эстафета уюштурду.”Биримдик”жана “Ынтымак”тобу катышып,коп упай топтоп “Ынтымак”тобу жеңишке ээ болду.Окуучулар ыкчамдыгын ,шамдагайлыгын көрсөтүштү.23-февраль –Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата тарбия завуч видео-слайд даярдап.окуучуларга жөнотүлдү.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________Асанова Р.Д.

Кыргыз Республикасы
Чүй облусу, Ысык-Ата району
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекемеси
Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н,
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 498
«24» 02 2021 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Февраль айында Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 26-январында №23 -5 протоколунун негизинде мектеп ичинде өткөрүлгөн иш-чарага план түзүлдү.Ар бир класс жетекчилер окуучуларга инструкция менен тааныштырып,кол койдурушту.Өрт коопсуздугуна каршы биринчи жардамга керектелүүчү каражаттар калыбына келтирилди.Мектеп ичинде “Жаш өрт өчүрүүчүлөр”тобунун тизмеси такталды. Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча окуучуларга тарбия завуч Асанова Р.лекция окуду. Райондук инспекциялар менен бирдикте өрт коопсуздугун эрежелерин сактоо боюнча онлайн жолугушуу өткөрдүк.Команда башчысы Темиралиев Тутан өзүнүн кесиби жана өрт коопсуздугун алдын-алуу боюнча маегин жөнөттү.Өрт коопсуздугу боюнча видео-ролик жасап,окуучуларга жибердик.

Мектеп жетекчиси:____________Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы:____________Асанова Р.Д.

Кыргыз Республикасы
Чүй облусу, Ысык-Ата району
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекемеси

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»

ИНН 03012200910081

№ 501

«3» 03 2021 г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

3-мартта 2021-жылы Мамлекеттик туу күнү белгиленди.Өлкөнүн мамлекеттик туусу 1992-жылы 3-мартта кабыл алынган.Туу күнүнө карата салтанаттуу линейка болуп өттү.Кыргыз Республикасынын гимни менен коштолуп,туубуз көтөрүлдү.Туунун маанисин айтып,тушунук алышты.Ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өтүштү.Аскерге чейинки даярдык боюнча окуучулар аскердик формаларды кийишип,басышты.Туу күнүнө карата 5-классынын класс жетекчиси Кыдырова Нурия видео-слайд жасашты.

Мектеп жетекчиси: ______________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ______________ Асанова Р.Д.

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 505
«16» 03 2021 ж.г.

Ысык-Ата райондук ББнүн

башчысы Б.Т.Иманалиевге

Иса Байбеков атындагы жалпы

билим берүү орто мектебинин

администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 2016-жылдын 19-августундагы №43 буйруктун негизинде 5-март-“Ак калпак күнү” деген буйрук боюнча ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүштү.Кыргызды калпаксыз,калпакты кыргызсыз элестетүүгө эч мүмкүн эмес.Жаш куракка карата калпактын түрлөрү менен окуучуларды тааныштырып,анын жасалуу жолун айтып кетишти.Ата-бабаларыбыз илгертеден баш кийимди бийик тутуп,кадырлап.барктап келишкен.Жогорку класстардан “Ак калпак –кыргызымдын сыймыгы”деген темада Кыдырова Н.5-класска жеткиликтүү тарбиялык саат өттү.Калпактын мааниси, .тарыхы жөнүндө айтып өттү.Башталгыч класстардан 3-класска Асанова Р.Д.”Калпагынды жоготсоң,башыңды жоготосуң”деген темада сабак өтүп,Ак калпак жөнүндө жомокту чагылдырып өттү.Ак калпакты даназалоо боюнча жогорку класстар дубал гезит чыгарышып,орундарга ээ болушту.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________ Асанова Р.Д.

Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 509
19. 03 2021 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 5-мартта 8-март –Аялдардын Эл аралык майрамына карата 10-классынын класс жетекчиси Тайтаева Майрам “Кыргыз элибиздин кыз-балага,аялзатына болгон урматтуу мамилеси””деген темада жана “Мөнкөнова Гулбасира 2-класска”Эне- үйдүн күтү”деген темада ачык тарбиялык сааттарды өтүштү.Тарбиялык сааттар аял затына арналган ыр,бий,көркөм окуулар менен коштолуп,жогорку денгээлде өтүштү.Кыздар федерациясы менен чогуу 6-11-класстар арасында тренинг-семинер өтүштү.Кыздар сүйлөсүн деп оз ойлорун эркин айтышып, кыргыз элинде кыздарды кандай баркташкандыгын маек кылышты.Кыргыздын белгилуу айымдарынын сүрөттөрү менен бирдикте видео-слайддар жасалып,окуучуларга көрсөтүлдү

Мектеп жетекчиси:______________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнун башчысы:______________Асанова Р.Д.

билим берүү о…
…ктеби» мекемес…
…ыргызская Республика
…ая обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя
…общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 510
«19» 03 2021 ж.г.

Ысык-Ата райондук БББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Ысык-Ата районундагы Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 19-март күнү "Нooруз-жакшылыктын жышааны" деген темада окуучулар тарабынан уюшулган концерт өттү.Залдын ичи көрктүү,эстетикалуу жабдылды.Мектептин кыргыз тили мугалими Тайтаева Майрам Умай эненин ролун аткарып,аластады.Тенир ата келип балдарга батасын берди.Баба дыйкан үрөнүн септи.Нooруз, жаз, эмгек жөнүндө көркөм окууларды айтышып,макал-лакап,жанылмач,акыйнек айтышты.Нooруз майрамынын тарыхы,мааниси жөнүндө кеңири түшүнүк беришти.Кыргыз элинин улуттук бийлерин аткарышты."Кыз узатуу"салтын көрсөтүп беришти.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы: ____________ Асанова Р.Д.

мектеби» мекемеси
Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 449
«5» 06 2020 ж.г.

Ысык-Ата райондук ББнүн
башчысы Б.Т.Иманалиевге
Иса Байбеков атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
администрациясынан

Билдирүү

Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 30-май күнү азыркы кырдаалга байланыштуу аралыкты сактоо тартибинде 2019-2020-окуу жылынын бүтүрүүчүлорүн куттуктап,салтанаттуу линейкабызды өткөрдүк.Мектеп жетекчилиги ,айыл өкмөтүнүн башчысы,мед айым жана класс жетекчилер окуучуларга ак жол каалап,онлайн куттуктоо сөздөрүн айтышты.1-класстар 11-класстарды куттукташып,ырларын айтышты..Класс жетекчиси Тайтаева М.Б. 11-классы менен бирдикте онлайн куттуктоо сөздөрүн,көркөм ырларды жана бири-бирине каалоо тилек айтышып, мугалимдерге, ата-энелерге ыраазычылык билдиришип, видео-слайд жасашты.Ар бир класс жетекчи 30-майда окуучуларын көзөмөлгө алып турушту.Окуучуларыбыз үйлөрүндө болуп,эч кандай тартип бузуулар болгон жок.Бардыгы тынч, абал туруктуу болду.

Мектеп жетекчиси:________________ Исаева А.Б.

Тарбия бөлүмүнүн башчысы:________________ Монконова Г.К.